1694

# ПАПКА ДЛЯ БУМАГ

Материалы о происхождении
о родоплеменном делении киргизов.
(Материал, собранный в р-не
Джалал-Абадской обл. мл. н. сотр.
Д. Айтмамбетовым)

Институт языка, литературы и истории Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 1694
22/X-55 г.

Материалы о происхождении и родаплемении киргизов, собранные из уст стариков мл. научным сотрудником института истории Академии наук Киргизской ССР Айтмамбетовым Дуйше, в районах Джалал-Абадской области в мае – июле 1955 года, в 16ти (шест~~идеся~~надцати) страницах.

Сбор произведен мл. н/сотр. Института истории АН Кирг. ССР летом 1955 г. Айтмамбетовым Дуйше.

ЗЭЖ.                                                                                                                                   2

Кыргыздын таралышы жөнүндө легенда. Адал (агасы) жана Мансур (карындашы) деген эки бир туугандар болгон экен. Адал дагы ак, Мансур да ак" деп экөө алмак-салмак айтып, эл кыдырып жүрүшкөн экен. Молдолор: буларды карасаң, өздөрүн акка теңешет, экөөнү тең өрттөп туруп, күлүн дайрага салып жибергиле — деп, буйрук берет. Бул буйрук аткарылат. Дарыянын үстү ак баржак көбүк болуп, андан да: Адал да ак, Мансур да ак деген үн чыгат. Ал көбүк агып жүрүп олтуруп, ал дайрадан бөлүнгөн бир арык менен барып, хандын кыздар сейилдик кылып жаткан ордосундагы көлчөгө барып куят. Анда шапар тээп жаткан кырк кыз ~~[illegible]~~ көлчөнүн үстүндө калкып турган ак, кызыл көбүктү көрүшүп, андан ар бири бирден тилине тийгизип жалашат.

Мына бул окуядан кийин арадан белгилүү убакыт өткөн соң, күндөрдүн бириндe кыздардын бирөө айтат: менин ичимде бир нерсе билинип калды — деп. Анда хандын кызы да аны башкалары жана хандын кызы да ошону айтат.

Кыздар мына мындан шектенишип, эч ким билбей турган ээн жерге кеткилери келишет. Ээн тоога, салкын жерге барып жашайбыз — деп, бир гана тайгандан эрчитип алып кетишет. Мына мындан

улам ит кыргыз деген сөз айтылып кал-
ган.

Кырк кыз мына ошол эн жердеги тоо арасында жатышып, баары тен торойт. Ал жер Ош боюнда, Гулчо тарапта болгон деп болжолдонот. Ал кыздарга тамак жеткирилип берилип турат. Кыргыз мына ошол кырк кыздан таралган, мына мындан келип кыргыз деп аталып калган болуу керек дешет.

Ал эми оң, сол деп аталып калышы: ал кыздардын балдары чоңойгондо ханга (хандын кызынын атасына) келишет. Алардын 20 сы хандын оң жагына, 20 сы хандын сол жагына олтурушат. Оңдор жана солдор деген мына ошондон улам келип чыккан.

Солдордун аталарын Акбуура койгон. Азыр да алар ~~ошол~~ Акбуура дарыясынын баш жагында турушат. Оңдордун атасын Жанкорооз койгон. Алар да ошол жерде турушат.

Жанкороздон Адигине, Тагай деген эки уул туулат. Адигинеден: Карабагыш, Тилеке таралат. Карабагыштар: Өзгөн, Совет, Мырзаке, Толойкон райондорунда турушат. Тилекеден Алымбек датка чыгат. Анын тукумдары Гулчо ороонун, Коргошун, Оштон аркы Айкол, Койкол деген жерлерди жердешет.

Тагай Адигине менен тааруныша кетип, Чаткалга көчүп жөнөйт. Тагайдан: Кылжыр, Богорстон, Койлон дегендер туулат. Бул жерден булар жер куун бөлүнүшүп кетишет. Кылжыр улуу Кемин, кичи Кеминге карап кетет. Мындан Сарбагыштар жана бугулар таралат. Богорстон Суусамыр, Таласка кетет. Мындан солтолор таралат. Койлон Чаткалда калат. Андан жедигер уруусу келип чыгат.

Тагайдын кичи аялынан Карачоро деген уулу болгон. Ал аялын өзбектен алган. Анын боюна болуп, торой элегинде Тагай баласына эстелик калтырып, элине кетип калат.

Аялы торойт. Атасынын айтып кетүүсү боюнча Карачоро коюлат. Карачоро эр жетип чоңойгондо атасын издеп жөнөйт. Ал жолдо келе жатканында бир бала кезигет. Карачоро андан: сен кимсиң, кайда бара жатасың? деп сурайт. Анда ал бала: мен бир жүргөн селсаякмын, барар да жерим жок – дейт. Андай болсо, жүр, мени ээрчигин – деп аны ээрчитип алат. Карачоронун азыгын көтөрүшүп, жолдон дагы бир бала ээрчий келет.

Ушул кезде Тагай Жалал-Абаддын тегерегинде турган болот. Тагай Карачоронун ээрчий келишкен селсаяк балага Саяк болсун, тигил азыгын көтөрүшүп келген баланын аты Азык болсун деп ат коёт.